1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И КУЛЬТУРЫ**

**KYRGYZ REPUBLIC**
**MINISTRY OF EDUCATION AND CULTURE**

**КОЛЛЕГИЯНЫН ЧЕЧИМИ** **РЕШЕНИЕ КОЛЛЕГИИ**

№ 14/7 2003 жылдын «26» декабря

***«О присвоении Государственному Театру Юного зрителя имени Народной артистки СССР Б.КЫДЫКЕЕВОЙ»***

Коллегия Министерства образования и культуры Кыргызской Республики рассмотрев предложение деятелей культуры и искусства Кыргызстана о присвоении Государственному Театру Юного Зрителя Кыргызской Республики имени Народной артистки СССР, Лауреата Госпремии им.Токтогула Бакен Кыдыкеевой, внесшей огромный вклад в развитие кыргызского театрального искусства

**Р Е Ш И Л А:**

1. Присвоить имя Народной артистки СССР Бакен Кыдыкеевой Государственному Театру Юного Зрителя.
   Впредь именовать Государственный Театр Юного Зрителя как «Государственный Театр Юного Зрителя имени Бакен Кыдыкеевой».
2. Контроль за выполнением настоящего Решения возложить на Заместителя министра С.А.Раева.

**Председатель коллегии,**
**Министр** **И.С.БОЛДЖУРОВА**

Согласовано:

| | |
|---|---|
| Первый заместитель министра | А.Г.Иванников |
| Заместитель министра | С.А.Раев |
| Заместитель министра | К.М.Сманалиев |
| Юрист МОиК КР | А.Д.Эралиев |

Комиссия при Президенте
Кыргызской Республики по
увековечению памяти
выдающихся деятелей
Кыргызстана

Т… жөнүндө
Кыргыз Республикасынын
Президентинин алдындагы
комиссиясы

________ № ______

На № ________________

## ПРОТОКОЛ

**заседания Комиссии при Президенте Кыргызской Республики по увековечению памяти выдающихся деятелей Кыргызстана от 22 декабря 2003 года**

**Присутствовали:** Осмонов К.Э., Какеев А.Ч., Кондучалова К.К., Кожоев Б.К., Бедельбаев А.Б., Алымбаев Н.С., Плоских В.М., Акматов А.К., Шабданалиев К.А.

**Повестка дня:** Присвоение имени Бакен Кыдыкеевой Кыргызскому театру юного зрителя. (письмо Администрации Президента КР, коллективное обращение деятелей культуры Кыргызстана)

**Выступили:** Осмонов К.Э., Кондучалова К.К., Какеев А.Ч.

**Постановили:** - Министерству образования и культуры Кыргызской Республики решить вопрос о присвоении имени Бакен Кыдыкеевой Кыргызскому театру юного зрителя.

**Председатель** ____ **А. Какеев**

---

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНИН
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

АДМИНИСТРАЦИЯ
ПРЕЗИДЕНТА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Бөлүм
Отдел

720003, Бишкек ш., Өкмөт Үйү
г. Бишкек, Дом Правительства

Исх. № 6п-2730

2003-ж. г. «17» 11

**Председателю комиссии при Президенте КР по увековечению памяти выдающихся деятелей Кыргызстана, ректору КНУ Какееву А.Ч.**

**Уважаемый Аскар Чукутаевич !**

Направляю Вам для рассмотрения коллективное обращение деятелей культуры Кыргызстана по вопросу присвоения имени Бакен Кыдыкеевой Кыргызскому государственному театру юного зрителя (ТЮЗ) и прошу Вас проинформировать отдел социальной политики о результатах рассмотрения.

С уважением,

Заведующий отделом социальной политики ____ Т.Ормонбеков

КЫР АК УНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 393
«18» 11 2003 ж. г.

Кыргыз Республикасынын
ПРЕЗИДЕНТИНИН
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ
АДМИНИСТРАЦИЯ
ПРЕЗИДЕНТА
Кыргызской Республики
кириш вход. № Кл-2730
на 3 б. тиркеме л. прилож. б. л.
-31-10 2003 ж.г.
616

Ке2730/1878
26 - 12 2003 ж.г.

Кыргыз Республикасынын
Президенти А.Акаевге

**Урматтуу Аскар Акаевич !**

Ар бир элдин руханий мурасында ысымы улуттун маданияттын сыймыгы болгон адамдар бар. Мына ошондой адамдардын бири СССРдин эл артисти. Кыргыз Мамлекеттик Токтогул сыйлыгынын лауреаты Бакен Кыдыкеева эле. Кыргыз элинин даңктуу кызы Б.Кыдыкеева жеке гана кыргыз улутунун сыймыгы эмес, дегеле 20-кылымдагы Борбор Азиянын элдеринен суурулуп чыккан таланттардын биринчи сабында турган залкар эле. Ошондуктан Кыдыкееваны «Борбор Азиянын бермети» - деп бекеринен айттпагандыр. Б.Кыдыкеева кыргыз элин дүйнөгө тааныткан, туу тутаар инсан. Анын кыргыздын улуттук драма искусствосун өнүктүрүүгө кошкон салымы баа жеткис. Артистканын чыгармачылык жана коомдук өмүрү кыргыз элинин улуттук сыймыгы, байлыгы катары бааланат. Анткени Бакен Кыдыкеева убагында бүткүл жумуриятыбыздын эл жүгүн Индия, Франция өлкөлөрүндөгү СССРдин маданият күндөрүндө, кино фестивалдарда, нечен ат салышкан жарыштарда чоң байгеге ээ болуп, кыргыз улуттун искусствосу үчүн атак-даңк алып келген.

Улуттун театр жана кыргыз кино искусствосуна сиңирген албан эмгектери үчүн Б.Кыдыкеева «Ленин ордени», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Эмгектеги каармандыгы» үчүн медалдары жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин грамоталары менен сыйланган.

Б.Кыдыкеева өз кесибин мынчалык улуу дилгирлик, жанда жок арзуу менен сүйгөн жан эле. Ал сахна менен экранда чыныгы сулуулуктар дүйнөсүн жараткан кайталангыс алп талант катары өзү жараткан сулуулуктар дүйнөсүн биздин энчибизге, болочок муундардын энчисине калтырды. Мына ушундай табигый таланттын көп кырдуулугу артистканын лирика романтикалык, трагедиялык, баатырдык эпикалык жана гротеске жеткен курч сатиралык пландагы каармандардын образдарын көркөм деңгээлде жеткиликтүү түзө билүүгө мүмкүндүк берген. Б.Кыдыкеева көбүн эсе театр искусствосунда сейрек учуроочу лирика трагедиялык мүнөздөгү образдарды түзүүгө ашкере ийкемдүү келген.

Б.Кыдыкеева жараткан төмөнкү образдар: Жесси («Орус маселеси»), Айганыш («Курманбек»), Лариса («Сепсиз кыз»), Дездемона (Отелло), Катерина («Добул»), Сейде («Бетме-бет»), Гонерелья («Король Лир»), Анна («Анна Каренина»), Эркетайым («Ак боз ат»), Долорос эне («Эне»), Каныкей («Манастын уулуСеметей»), Салтанат («Салтанат»), Азиз эне («Тайгак кечүү»), Райкан («Ашуу»), Толгонай («Саманчынын жолу») кыргыз элинин көркөм маданиятынын алтын казнасына кирген нукра шедеврлер болуп саналышат.

Ал эми актрисанын адамдын татаал жана көп кырдуу ички дүйнөсүн ачып, өзүнүн актердук методун иштеп чыгып улуттун актер искусствонун мектебинин жаралышына өбөлгө түзгөн зор эмгеги баа жеткис.

Дүйнөлүк аты бар актрисанын музейи, фондусу түзүлмөкчү. Ал эми мурдатадан бери келе жаткан маданият министрлигинин Республикалык Б.Кыдыкеева атындагы сыйлыгы эми эл аралык сыйлыкка айланып, бүткүл дүйнө боюнча мыкты актрисаларга ыйгарыла баштады.

Бакен Кыдыкееванын даңазалуу чыгармачылык жолу Кыргыз мамлекеттик жаштар жана өспүрүмдөр театры (ТЮЗ) менен байланыштуу. Анткени атактуу артистка өзүнүн эмгек жолун ушул театрдан баштаган. Театрдын алгачкы карлыгачы катары театрды түзүүчү жана уюштуруучу катары алтын тамгалар менен жазылып калды. Актрисанын өмүрүнүн акыркы күндөрү да ушул театр менен байланыштуу.

**Урматтуу Аскар Акаевич !**

Жогорудагы айтылгандарды эске алуу менен бирге Кыргыз элинин маданиятына кошкон зор салымын эске алып, аны түбөлүккө эскерүү максатында Кыргыз мамлекеттик жаштар жана өспүрүмдөр театрына Б.Кыдыкееванын ысмын ыйгарууну өтүнөбүз.

| | |
|---|---|
| Ч.Айтматов | - Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, Кыргыз республикасынын баатыры |
| Т.Садыков | -СССРдин эл сүрөтчүсү, Кыргыз Республикасынын баатыры |
| Ж.Садыков | - Кыргыз Республикасынын эл акыны |
| А.Жумахматов | - СССРдин эл артисти, Кыргыз Республикасынын баатыры |
| С.Далбаев | - Кыргыз Республикасынын эл артисти |
| М.Далбаева | - Кыргыз Республикасынын эл артисти |
| Г.Базаров | - Кыргъз Республикасынын эл артисти |
| К.Сартбаева | - СССРдин эл артисткасы |
| А.Стамов | - Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу |
| Э.Турсуналиев | - СССРдин эл артисти |
| Т.Жолдошбеков | - Кыргыз Республикасынын эл артисти |
| В.Скоропись | - Кыргыз Республикасынын эл артисти |
| А.Набиева | - Кыргыз Республикасынын эл артисти |
| А.Сарлыкбеков | -Кыргыз Республикасынын искусствово эмгек сиңирген ишмери |
| А.Сырымбетов | - Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери |

1031
31 12 2003 г.